**Изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” деген темада 10.01.01–кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына расмий оппоненттик**

## ПИКИР

**Теманын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө адабияттын тарыхын изилдөө – адабият илиминдеги негизги маселелердин бири. Кыргыз адабиятынын көптөгөн проблемаларын, асыресе анын тарыхын изилдөө иши XX кылымдын кыркынчы жылдарынан тартып системалуу түрдө колго алына баштагандыгы айтылган. Ал эми кыргыз адабияты жаралган алгачкы мезгил, т.а 20-30-жылдардагы адабий процесс тууралуу алгач жазылган обзордук макалалар болгондугун баса белгилеген.

Мына ушул жылдары жарык көргөн макалалардан кийин, кыргыз адабиятынын тарыхын атайын изилдөөнү максат кылган эмгектер 1940-жылдардан кийин жазыла баштагандыгын жана адабияттын тарыхын изилдөөгө алгач чыйыр салган “Кыргыз адабиятынын очерктери” (1943), М.И. Богданованын “Киргизская литература” (1947), Б.Керимжанова “Кыргыз совет адабияты XXV жылда” (1951), 60-80-жылдарда “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” (1960), “История киргизской советской литературы” (1970), XX кылымдын 80-жылдары адабиятчы К.Артыкбаевдин ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китеби чыкты. Демек, ушул материалдардан көрүнүп тургандай, кыргыз профессионал адабиятынын жаралуу, калыптануу, өнүгүү тарыхына арналган эмгектер көп, бирок алар бүгүнкү күнгө чейин атайын системалуу түрдө концептуалдуу иликтенбей келет. Азыркы учурда коомдук-тарыхый шарттардын өзгөрүүсү менен адабий-эстетикалык критерийлер да өзгөрдү. Ошондон улам адабияттын тарыхына байланыштуу жазылган эмгектерди кайрадан көздөн кечирип, бүгүнкү күндөгү адабияттаануу илиминин



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 114/04-8
«15» декабрь 2020 г.

жетишкендиктерин эске алуу менен аларды ар тараптан иликтөө эртедир кечтир колго алына турган зарыл, керектүү маселе болчу жана аларга объективдүү баа берүү учурдагы адабият илиминин актуалдуу маселеси экендигин изилдөөсү колдоого татырлык көрүнүш.

**Илимий изилдөөнүн максаты.** – XX кылымдын 40–80-жылдары аралыгындагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган илимий эмгектерди системалаштыруу. Алардын өнүгүү жолун иликтөө менен ар бир мезгилде жаралган эмгектердин илимий-теориялык деңгээлине, материалдарды камтуу мүмкүнчүлүгүнө сереп салуу, ал эмгектерде сөз болгон адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык сапаттарына карата айтылган пикирлерди анализдөө менен мүчүлүштүктөрүн системалуу изилдеп, кыргыз адабиятына кошкон салымын белгилөө деп аныкталган (7-бет), тактап айтканда, иштин максаты көп пландуу жана кыргыз адабиятынын тарыхына байланыштуу бардык маселелерди камтыган.

Диссертация киришүүдөн, үч негизги баптан турат.(текст 153 бет) адабий көрсөткүчтөр берилген.

Диссертациянын биринчи бабы **«Проблеманын изилдениш тарыхы (адабияттарга обзор)»** деп аталат**.** Бул бөлүмдө кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн адабияттаануу илиминде колго алынышы жана изилдениши илимий-теориялык негиздери тууралуу обзор берилип, кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде иликтөө аракети эрте башталгандыгын (11-бет) ошондой эле кыргыз адабиятынын тарыхынын жазылышына жол ачкан алгачкы сыпаттама макалалар болгондугун далилдеп айткан. Адабияттын тарыхын изилдеген эмгектердин эволюциясын иликтөөдө диссертант ар бир мезгилде жарык көргөн эмгектерге хронологиялык (12-бет) тартипте анализ жасаган.

Диссертациянын экинчи бабы **«XX кылымдын 40–50-жылдарындагы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы аракеттер»** деп аталып, төмөндөгүдөй бөлүмчөлөрдөн турат. 2.1 Обзордук,

баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер. 2.2 «М. Богданова менен Б. Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери» деп аталган параграфтарда изилдөөнүн обьектиси, предмети, методологиясы аныкталган (22-бет).

Кыргыз жазма адабияты тамтуң баскан эң алгачкы мезгили 1918–1924-жылдары болгондугун, төңкөрүшкө чейин эле сабаты ачылган К.Тыныстанов, О.Лепесов,С.Карачев сындуу кыргыз интеллигенттеринин алгачкы мууну саясий маселелерде эле эмес, адабий аренада да абдан активдүүлүктөрүн көрсөтүшкөндүгү жөнүндө маалыматтар берилген. Алгачкы обзордук, баяндама макалалардан кийин адабияттаануу илимибизде очерктик мүнөздөгү эмгектер жазыла баштагандыгын анын жыйынтыгы катары 1943-жылы автордук коллектив тарабынан «Кыргыз адабиятынын очерктери» жарык көрүп. Очеркте профессионал адабияттын тарыхын б.а. III бөлүмдү белгилүү адабиятчы Калим Рахматуллин жазгандыгы жана мезгилдештирүү принцибинин сакталгандыгын белгилеген. Жаңыдан калыптана баштаган адабиятыбыздын өнүгүш процессин системалуу изилдөөдөгү биринчи саамалык эмгек экендигин айткан (25-бет). Бул баптын экинчи параграфында М. Богданованын орус тилинде чыккан «Киргизская литература» аттуу көлөмдүү (9.б.т.) китеби 1947-жылы жарыкка чыккандыгы жана бул эмгектин кыргыз адабиятынын байыркыдан берки тарыхын жалпылаган түрдө толук чагылдырууга болгон экинчи аракет. Мында кыргыз адабиятынын тарыхый очеркин жазуудагы өзүнө чейинки жарыяланган илимий иштерди жалпылоо менен бирге, кыргыз адабиятын жалпы союздук, ал гана эмес дүйнөлүк масштабда таанытууда ролу зор болгондугун, кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө ийгиликтүү аракеттер жасалгандыгына жогору баа берген (27-бет).

Диссертациянын үчүнчү **бабы "Кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде изилдөөнүн 60–70-жылдардагы өнүгүшү: Көп тармактуулук жана концептуалдуулук"** деп аталып, Ал төмөндөгүдөй эки параграфтан турат. 3.1 «60–70-жылдарындагы адабий процессти изилдөөдөгү

оң, терс көрүнүштөр», 3.2 «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши».

Аталган бапта 60–80-жылдардагы адабий процесстин изилденишинин негизги багыттары каралып, изилдөөлөрдүн көп түрдүүлүгү, концептуалдуулугу белгиленген. XX кылымдын 60-80-жылдары улуттук адабият таануу илимибизде адабияттын тарыхы иликтенип, реалдуу картинасы даана тартылып, илимий-теориялык алкакта анализге алынып, анын ийгилиги жана мүчүлүштүктөрү айкындалып калган учур экендигин (77-бет). Ырас эле элүүнчү жылдардын экинчи жарымынан тартып кыргыз адабий сыны менен адабият таануусунда бир кыйла нормалдуу чыгармачылык атмосфера түзүлүп, көркөм чыгармачылыктын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө теориялык жана практикалык жактан аңдап билүүгө жакшы мүмкүнчүлүктөр ачылгандыгы жана илимий изилдөөлөрдүн жазылып баштагандыгы айтылат. Бул жылдары. адабияттын тарыхын изилдөөгө аракет көп тармактуу жүрүгөндүгү далилденген (78-бет). Кыргыз адабиятынын тарыхын фундаменталдуу негизде иликтеп чыгууга болгон олуттуу аракет автордук жамаат (Б.Керимжанова, Ж.Таштемиров, К.Асаналиев, З.Мамытбеков ж.б.) тарабынан 50-жылдардын экинчи жарымында жасалып, анын натыйжасы 1960-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки», аттуу эмгектин жарыка чыгышы менен коомчулук тарабынан талкууга алынышы эмгектин ийгилик кемчилдиктери далилдеген (95-бет). Китептин түзүлүшү советтик адабият илиминде жана адабият боюнча окуу китептеринде бекемделип калган салтты жолдойт; ал киришүүдөн, кыргыз совет адабиятынын өнүгүш этаптарына арналган обзорлордон (коомдук-саясий, маданий жана адабий кырдаалдарды кыскача мүнөздөлгөндөн) кийин адабий жанрларга – поэзияга, прозага, драматургияга жалпылап обзор берилет, белгилүү 23 акын жазуучунун өмүр жолун, чыгармачылыгын сыпаттаган монографиялык портреттери талданган (80-бет). Кыргыз совет адабиятынын жаралышы жана калыптанышы, кыргыз адабият таануу илиминдеги жетишкендиктер, кемчилдиктери тууралуу сөз

болот.

Кыргыз адабияты басып өткөн жолду системага салып, илимий жалпылоого алуунун дагы бир чоң аракетин Москвадан 1970-жылы орус тилинде жарык көргөн «История киргизской советской литературы» аттуу жамааттык эмгектен көрсөк болот. Аны жазууга Б. Керимжанова, К.Асаналиев, А.Садыков, К.Бобулов, Р.Кыдырбаева, Ш.Үмөталиев сыяктуу көрүнүктүү адабиятчылар тартылгандыгы жана жогорку деңгээлде жазылгандыгын мисалдар менен далилдейт. «Историяда» адаттагыдай эле кыскалык, тактык өкүм сүрөт. Белгилеп кете турган жагы, мында кыргыз адабияты эле сөз кылына бербестен, ошол мезгилдеги бүткүл союздук адабиятта болуп жаткан жаңылыктар, адабий көркөм кубулуштар аздап болсо да талдоого алынат (115-бет). Андан кийин кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши иликтенип, тарых боюнча жазылган окуу китептери салыштырылып, жыйынтыктар чыгарылган. Окумуштуу К.Артыкбаев тарабынан жеке автордун изилдөөсүнүн натыйжасында «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» ЖОЖдор үчүн окуу китеби (1982) жарыкка чыккандыгы жана бул китепте кыргыз совет адабиятынын жарым кылымдан ашуун мезгилди басып өткөн жолундагы жетишкен ийгиликтери окуу программасына ылайыкталып жазылгандыгы белгиленген.

К.Артыкбаевдин окуу китеби чыккандан кийин коомчулук тарабынан кызуу талкууга кабылгандыгы, “окуу китебинин” ийгиликтери жана кемчилдиктери тууралуу пикирлери далилдүү. Бул эмгекке сынчы А.Эркебаевдин “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” боюнча окуу китеби тууралуу (1985) деген сын макаласы башка макалалардан кескин айырмаланып турарын ишенимдүү көрсөткөн (128-бет). А Эркебаевдин айткан пикирлеринин туура жактарын баса белгилеп адабиятчынын ийгиликтерине токтолуп реалдуу баа берген деп жыйынтык чыгарган.

Сагидаев Салтанат Ариповнанын “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” деген темада жазылган кандидатык диссертациясынын мазмуну менен толук таанышып чыккандан соң жалпы

төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик.

**Жаңычылдыгы:** Эмгектин жаңылыгы кыргыз адабияттаануу илиминде алгач ирет: 1) 1940–1980-жылдары жарык көргөн кыргыз профессионал адабиятынын тарыхына арналган эмгектер системалаштырылып жана алардагы адабияттын өнүгүү жолундагы оош-кыйыштыктарына, анализ жасалган. Экинчиден, ал эмгектердин илимий-теориялык деңгээлдерин өз ара салыштыруу менен эмгектер ар тараптуу анализге алынган. Алардын улуттук адабияттануу илиминин тарыхындагы орду белгиленип, бүгүнкү күндүн илимий-эстетикалык жетишкендиктеринин көз карашынан баа берилип, илимий корутундулар чыгарылган.

**Иштин практикалык маанисине** келгенде изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылуучу эмгектерде кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча ЖОЖдордун жана орто окуу жайлардын филологиялык факультеттеринин студенттери үчүн лекциялык материалдарды даярдоодо, окуу китеп, окуу куралдарын жазууда колдонууга болот.

**Иштин илимий-теориялык деңгээли** диссертациялык иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет. Тема боюнча адабий булактар жетиштүү даражада пайдаланылган жана аларга карата диссертанттын көз карашы, мамилеси берилген.

Диссертанттын автореферати иштин мазмунун толук камтыйт. Автордун жарыяланган макалалары диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ЖАКтын талаптарына жооп берет.

Иште айрым кемчилдиктер да жок эмес.

1. Диссертациянын бардык бөлүмдөрүнүн илимий-теориялык деңгээли мазмун-мааниси бирдей эмес. Иштин экинчи, үчүнчү бөлүмдөрү кыйла чыйрак жазылган. Ал эми биринчи бөлүм үстүрт жазылып, анализдер терең эмес, жалпы сөздөр көп, бир гана параграфтан турат.

2. Диссертацияда автордун өз оюна өзү карама-каршы турган учурлар кездешет. Иште стилдик, граматикалык каталар учурайт. Диссертациянын кээ бир жерлеринде орунсуз кайталоолор кездешет. Диссертациянын текстинде туура эмес кетип калган жерлер, орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык каталар кетирилген.

Жогоруда аталган кемчилдиктер диссертациянын жалпы илимий-теориялык аткарылыш деңгээлине залака тийгизбейт. Сагидаева Салтанат Ариповнанын 10.01.01–кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” деген диссертациясы коюлган талаптарга толук жооп берет жана анын автору филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**филология илимдеринин кандидаты.............................Устабаева Г.К.**

**Г.К Устабаеванын колун тастыктайм.**
**К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин**
**кыргыз филологиясы факультетинин Мамлекеттик тил кафедрасы.**